Түрк дүйнөсүн изилдөө фондунун жана К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин кызматташуусу жөнүндө

**КЕЛИШИМ № 3**

Жалал-Абад шаары 2022-жылдын 6 - июлу

Бул келишим Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду жана К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университет ортосунда кызматташуусун улантуу максатында түзүлүп, Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасы ортосунда экономика, илим-билим, маданият багыттарында кызматташуулар жөнүндө түзүлгөн келишимдерге таянат. Бул келишим аталган тараптар ортосунда кызматташуу К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин курамындагы э.и.д., профессор Туран Язган атындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк институту жана анын курамындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжи алкагында иш жүзүнө ашырыла тургандыгын эске алат.

Келишимде Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду “Фонд”, К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университет “Университет”, э.и.д., профессор Туран Язган атындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк институту “Институт” деп аталат.

Бул келишим боюнча аты аталган институтта жана анын курамындагы колледжде окуу жараяны түрк тилинде, айрым сабактар боюнча кыргыз тилинде Кыргыз Республиикасынын жогорку, орто кесиптик билим берүү стандарттарына ылайык жүргүзүлөт, ошондой эле окуу жараянында Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин (Yüksek Öğretim Kurulu) жогорку жана орто кесиптик билим берүү багытындагы эрежелери, Түркиянын жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын окуу программалары, пландары эске алынат.

“Фонддун” жана “Университеттин” илим-билим багыттарында э.и.д., профессор Туран Язган атындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк институту жана анын курамындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжи алкагында кызматташуусу төмөнкү келишимдик милдеттенмелер боюнча жүргүзүлөт:

1. Туран Язган атындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк институтунун курамында Кыргыз-Түрк менеджмент факультети жана Гуманитардык-педагогикалык факультети, о.э. Эл аралык Кыргыз-Түрк колледжи бар. Бул факультеттин жана колледждин кыргыз, орус тилдеринде аталышы Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү стандарттарына ылайык аталат, жазылат жана таанытылат, бирок түрк тилинде Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин (Yüksek Öğretim Kurulu) жогорку жана орто кесиптик билим берүү багытындагы эрежелерине, каттоосуна ылайык жазылат.

2. “Институтта” жана анын аталган бөлүмдөрүндө окуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү стандарттары, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин (Yüksek Öğretim Kurulu) жогорку жана орто кесиптик билим берүү багытындагы эрежелери менен аныкталат.

3. “Институттун” жана анын аты аталган бөлүмдөрүнүн директорлору, декандары “Фонддун” сунушу жана “Университеттин” бекитүүсү менен дайындалат.

4. “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн профессор-окутуучулар курамынын негизги бөлүгүн “Фонд” камсыз кылат, калган бөлүгүн “Университет” камсыз кылат, т.а. эки таптын макулдашуулары менен. “Фонд” жана “Университет” “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн студенттерине билим берүүдө Түркия Республикасынын Түрк тилин окутуу борборунун (TTÖMER – Türkiye Türkçesi Öğretim Merkezi) жана ушул сыяктуу уюм-мекемелердин кызматкерлерин, окутуучуларын тартууга укуктуу.

5. “Университетке” тиешелүү маселелерде “Институт” жана анын бөлүмдөрүнүн ишмердиги ректоратка билдирилет, уруксаты алынат.

6. “Институка” тиешелүү маселелерде чечимдерди кабыл алууда “Университет” “Фонд” менен кеңешет.

7. “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн чет өлкөлүк кызматкерлеринин Кыргызстанга виза алуу, иштөөгө уруксат алуу, укук коргоо органдары менен болгон маселелери “Университетке” жүктөлөт. “Университет” “Фонд” жөнөткөн чет өлкөлүк студенттердин да ушул сыяктуу маселелерин чечет.

8. “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн чет өлкөлүк кызматкерлери саламаттыкты сактоо уюм-мекемелеринин кызматтарын Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасы ортосундагы келишимдердин негизинде пайдалана алат.

9. “Институтта” жана анын бөлүмдөрүндө окуу жараянында Түркия Республикасынын Стамбул, Сакарья, Гази университеттеринин окуу программалары, пландары колдонулат. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүсүнө болгон талаптары сакталат.

10. “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнө дипломдор (академиялык маалыматтар) Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку, орто кесиптик билим берүү стандарттарына, жалпы талаптарга ылайык, эки мамлекетте таанылa турган үлгүдө берилет.

11. “Институтка” жумушка кабыл алуу Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

12. “Институтка” жана анын бөлүмдөрүнө сабак берүүчү профессор-окутуучулар курамы жетиштүү санда болушу шарт. Бул шартты аткарууда “Фонддун” жана “Университеттин” жоопкерчилиги бирдей.

13. “Фонд” түрк тилдүү мамлекеттердин жана бир катар мамлекеттердеги түрк тилдүү коомчулуктардын жаштарын “Институтта” жана анын бөлүмдөрүндө жогорку, орто кесиптик билим алууга жолдоо укугуна ээ, ал жаштардын окуу акысы, жатакана акысы “Университеттин” студенттер менен жалпы үлгүдөгү келишими боюнча жүргүзүлөт. Окуу акысы, жатакана акысы “Университеттин” кыргызстандыктар үчүн бекитилген баалары менен аныкталат. Бул даражадагы студенттерден андан сырткаркы акы алуулар, кошумча төлөмдөр “Фонддун” укугунда, эркинде, пайдасында. Бул тартип Кыргызстанда “Университет” өзү кабыл алган студенттерге колдонулбайт.

14. “Фонд” “Институтта” жана анын бөлүмдөрүндө билим берүү, билим алуу маселелери боюнча кесиптик багыт берүү иштерин, реклама иштерин Түркияда, Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө жүргүзүүгө укуктуу. Ушул эле укукка “Университет” ээ.

15. “Институтка” жана анын бөлүмдөрүнө окууга кабыл алуу “Институттун” жетекчилиги тарабынан жана “Фонддун” көзөмөлүндө жүргүзүлөт.

16. Чет өлкөлүк жана жергиликтүү студенттердин “Институтка” окууга кабыл алынуусу, окуу укугун пайдалануусу, окуу жайда жүрүш-турушу, коомдук тартиби Кыргыз Республикасынын бул багыттардагы мыйзамдарына ылайык болушу шарт.

17. “Университеттин”, “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, профессор-окутуучулар курамы жана студенттери Түркия Республикасынын аймагында болгон учурда алардын укуктарын “Фонд” коргойт”, ал эми “Фонддун”, “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн чет өлкөлүк кызматкерлеринин, профессор-окутуучулар курамынын, студенттеринин укугун Кыргызстан аймагында болгон учурда “Университет” коргойт.

18. “Фонд” “Университеттин” кызматкерлеринин, профессор-окутуучулар курамынын тажрыйбасын, билимин арттыруу, илимий-изилдөө иштерин жүзөгө ашыруу үчүн Түркияга жана башка өлкөлөргө жөнөтүүдө колдоо көрсөтөт.

19. “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн билим берүү ишмердигинен келип түшкөн акча каражаттары, т.а. киреше, төмөнкү тартипте бөлүнөт: “Фондго” – 25 % (жыйырма беш пайыз), “Университетке” – 75 % (жетимиш беш пайыз). “Университет” өз үлүшүнүн эсебинен төмөнкүлөрдү аткарат:

- “Институттун” жана анын бөлүмдөрүнүн бардык кызматкерлеринин, профессор-окутуучулар курамынын, чарба жумушчуларынын эмгек акыларын штаттык сыраттамага ылайык төлөп берет;
- “Университет” “Фонд” тарабынан жиберилген чет өлкөлүк окутуучуларга эмгек акыны “Университеттин” ага окутуучусунун эмгек акысы менен төлөйт жана ага 10 % (он пайыз) кошумчалайт;
- “Институттун” ишмердигиндеги бардык чыгымдарды төлөп берет, анын ичинде коммуналдык чыгымдар, кеңселик товарлар, окуу-усулдук адабият, окутуунун техникалык каражаттары, эмеректер, кызмат сапарлары ж.у.с.;
- “Фонд” жөнөткөн кызматкерлердин саны 5 (беш) адис менен чектелет, бул чектөөгө Түркия Республикасынын Түрк тилин окутуу борборунун (TTÖMER – Türkiye Türkçesi Öğretim Merkezi) кызматкерлери кошулбайт;
- “Институтка” керектелген чет өлкөлүк (Түркия жарандары ж.б.) кызматкерлерди жана профессор-окутуулар курамын “Фонд” жөнөткөн учурда алардын Түркия-Кыргызстан каттамындагы жол киресин төлөйт: окуу жылынын башында Түркиядан Кыргызстанга, окуу жылынын соңунда Кыргызстандан Түркияга, Жалал-Абаддагы батир акысын да төлөйт: батирди “Университет” тандап, даярдап берет.

20. Ар бир окуу жылынын соңунда “Институтта” жана анын бөлүмдөрүндө каржылык абал жагымдуу болгон учурда, окуу жылынын

соңунда каржы-чарбалык ишмердиктен пайда болгон учурда “Университет” “Институттун” ишмердигинен болгон пайданын 50 % (элүү пайызын) “Фонддун” эсебине которот. Ал үчүн ар бир окуу жылынын соңунда тунук мониторинг жүргүзүлөт, анын натыйжалары “Фондго”, “Ииститутка” тааныштырылат.

21. “Фонд” өзүнүн Түркиядагы жана анын сыртындагы ишмердигиниин натыйжасында, кошумча инвестицияларды тарткан учурда баштапкы, 1993-жылдагы, ниеттерге ылайык “Институттун” ишмердигин төмөнкүлөр менен камсыздай алат, төмөнкүлөрдү аткарууга укуктуу:

- түрк жана башка чет тилдериндеги окуу, окуу-усулдук, көркөм адабият, илимий-усулдук мазмундагы мезгилдүү басылмалар (газета-журналдар ж.у.с.);
- окутуунун техникалык каражаттары, компьютердик жана кеңселик жабдыктар, окуу жараянында пайдаланылуучу эмеректер;
- окуу жайдын аймагында курулуш иштерин жасоо;
- “Университеттен” сырткары, т.а. “Фонддун эсебинен “Институттун” кызматкерлерине, профессор-окутуучулар курамына кошумча эмгек акы төлөө, студенттерине стипендия берүү жана башка чыгымдары каржылоо (кызматтык сапарлар, илимий изилдөөлөр ж.б.).

22. Бул келишимдин иштөө мөөнөтү 5 (беш) жыл, жыл сайын эки тараптын макулдугунда бул келишимге кескин айырмаланбаган айрым толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Мөөнөтү аяктагандан кийин эки тараптын катышуусу менен бул келишим алымча-кошумчалар менен узартылат же токтотулат. Эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбеген учурда, талаш-тартыштар, дооматтар болбогон учурда бул келишимдин мөөнөтү ар жылы өзүнөн өзү бир жылга узара берет.

23. Тараптар шарттарды аткарбаган учурда келишим бузулат. Талаш-тартыш маселелери эл аралык укукка ылайык чечилет.

24. Бул келишим эки тилде түзүлгөн: кыргыз жана түрк тилдеринде. Ар бир тилдеги варианты 2 нускадан даярдалган, тараптардын ар бирине бирден берилет.

25. Келишим 4 (төрт) беттен турат.

26. Келишим тараптар кол койгондо күчүнө кирет. Келишимге кол койгон күн келишимдин биринчи бетинде, жогору жагында көрсөтүлөт. Мурунку келишимдер күчүн жоготот.

Түрк дүйнөсүн изилдөө фондунун президенти

_______________

Көзхан Язган

К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин ректору

_______________

э.и.д., проф. С.А. Өмүрзаков

**Türk Dünyası Araştırmaları Vakfı ve Uluslararası Kantörö Şaripoviç Toktomamatov Üniversitesi işbirliği hakkında**

**3 Nolu Sözleme**

Celal Abad

06.07.2022

Bu sözleşme Türk Dünyası Araştırma Vakfı ve Uluslararası Kantörö Şaripoviç Toktomamatov Üniversitesi, Türkiye Cumhuriyeti ile Kırgız Cumhuriyeti arasında ekonomi, bilim, kültür alanlarında işbirliği konusunda düzenlenen sözleşmelere dayanmaktadır. Bu sözleşme adı geçen taraflar arasındaki işbirliği Uluslararası Kantörö Şaripoviç Toktomamatov Üniversitesi'nin bünyesindeki Prof.Dr. Turan Yazgan Uluslararası Kırgız Türk Enstitüsü (Prof.Dr Turan Yazgan Sosyal Bilimler Enstitüsü) ve onun bünyesindeki Uluslararası Kırgız Türk Koleji (Uluslararası Meslek Yüksekokul) çerçevesinde uygulanacağını dikkate alır.

Sözleşmede Türk Dünyası Araştırma Vakfı "Vakıf", Uluslararası Kantörö Şaripoviç Toktomamatov Üniversitesi "Üniversite", Prof.Dr. Turan Yazgan Uluslararası Kırgız Türk Enstitüsü "Enstitü" denir.

Bu sözleşmeye göre, adı geçen enstitü ve onun bünyesindeki kolejin eğitim süreci Türkçe olarak, bazı dersler Kırgız Türkçesinde Kırgız Cumhuriyeti'nin yüksek ve orta mesleki eğitim standartlarına uygun olarak yürütülmektedir. Türkiye Cumhuriyeti Yüksek Öğretim Kurulu'nun yüksek ve orta mesleki eğitim alanındaki kurallar, Türkiye'deki Üniversite ve Yüksekokulların eğitim programları ve planları dikkate alınmaktadır.

"Vakıf" ve "Üniversite"nin bilim ve eğitim alanlarındaki Prof. Dr. Turan Yazgan Uluslararası Kırgız Türk Enstitüsü ve bünyesindeki Uluslararası Kırgız-Türk Koleji çerçevesinde işbirliği aşağıdaki sözleşme yükümlülüklere göre yürütülecektir.

1. Prof.Dr. Turan Yazgan Uluslararası Kırgız Türk Enstitüsünde İşletme Fakültesi ve Eğitim Fakültesi, Uluslararası Kırgız-Türk koleji var. Bu fakülte ve kolejin Kırgızca ve Rusçadaki adı, Kırgız Cumhuriyeti'nin yüksek ve orta mesleki eğitim standartlarına uygun olarak adlandırılır, yazılır ve duyurulur, ancak Türkiye Cumhuriyeti'nin Yüksek Okretim Kurulu yüksek ve orta mesleki eğitim alanındaki kurallara ve kayıtlara uygun olarak yazılır.

2. "Enstitü" ve bölümlerinde eğitim süreci, Kırgız Cumhuriyeti'nin yüksek ve orta mesleki eğitim standartlarına, Türkiye Cumhuriyeti Yüksek Öğretim Kurulu'nun yüksek ve orta mesleki eğitim kurumları yönetmeliğine göre belirlenir.

3. *"Enstitü" ve adı geçen bölümlerin müdürleri ve dekanları "Vakfın" teklifi ve "Üniversite"ve"Vakıfın"ın onayı ile atanır.*

4. "Enstitü" ve bölümlerinin öğretim kadrosunun önemli bir kısmı "Vakıf" tarafından, geri kalanı Üniversite tarafından, yani her iki tarafın anlaşmaları ile sağlanır. TÜRKİYE Türkçesin öğretim merkezi (TTOMER) ve benzeri kuruluşlar, kurum çalışanlarının ve öğretmenlerinin katılımını sağlama hakkına sahiptir.

5. Üniversite ile ilgili meselelerde "Enstitü" ve bölümlerinin faaliyetleri rektörlüğe bildirilir ve izin alınır.

6. "Институка" тиешелүү мас*елелерде чечимдерди к*абыл *алууда* "Университет" "Фонд" менен кеңешет. "Enstitü" ile ilgili meselelerde karar verirken "Üniversite" "Vakıf"la danışır.

7. "Enstitü" ve bölümlerinin yabancı uyruklu çalışanları, Kırgızistan'a vize alma, çalışma izinleri alma ve kolluk kuvvetleri ile ilgili konular "Üniversite"ye emanet edilir. "Üniversite", "Vakıf" tarafından gönderilen yabancı uyruklu öğrencilerin benzer sorunlarını çözer.

8. "Enstitü" ve bölümlerinin yabancı uyruklu çalışanları, Türkiye Cumhuriyeti ile Kırgız Cumhuriyeti arasındaki anlaşmalara dayalı olarak sağlık hizmetlerinden yararlanabilirler.

9. "Enstitü" ve bölümlerinin eğitim sürecinde Türkiye Cumhuriyeti İstanbul, Sakarya, Gazi üniversitelerinin eğitim programları ve planları kullanılmaktadır. Aynı zamanda Kırgız Cumhuriyeti'nin yüksek ve orta mesleki eğitim gereksinimleri karşılanır.

10. "Enstitü" ve bölümlerinin mezunlarına Kırgız Cumhuriyeti ve Türkiye Cumhuriyeti'nin yüksek ve orta mesleki eğitim standartlarına uygun olarak, genel şartlara uygun olarak, her iki ülkede de tanınan diplomalar (akademik veriler) verilecektir.

11. "Enstitüye" işe alımlar Kırgız Cumhuriyeti ve Türkiye Cumhuriyeti iş kanunlarına göre yapılacaktır.

12. "Enstitü" ve bölümleri yeterli sayıda öğretim kadrosuna sahip olmalıdır. Bu koşulun yerine getirilmesinden "Vakıf" ve "Üniversite" eşit derecede sorumludur

13. "Vakıf", Türkçe konuşan ülkelerden ve bazı ülkelerdeki Türkçe konuşan topluluklardan gençleri "Enstitü" ve bölümlerinde yüksek ve orta mesleki eğitim almaları için gönderme hakkına sahiptir ve onların okul ücreti, yurt ücretleri "Üniversite"nin öğrencilerle yaptığı standart sözleşmeye göre yapılır. Okul ve yurt ücretleri "Üniversite"nin Kırgız vatandaşları için onaylanmış fiyatlarına göre belirlenmektedir. Bu derecedeki öğrencilerden ekstra ücret alma ve ek ödemeler "Vakfın" hakkı, takdiri ve yararınadır.

Bu madde Kırgızistan'da Üniversite tarafından kabul edilen Öğrencileri kapsamaz.

14. "Vakıf", "Enstitü" ve bölümlerinde eğitim ve öğretim konularında Türkiye, Kırgızistan ve diğer ülkelerde profesyonel rehberlik ve reklam yapma hakkına sahiptir. "Üniversite" de aynı hakka sahiptir.

15. "Enstitü" ve bölümlerine öğrenci kabulü, "Enstitü" yönetimi ve "Vakıf" gözetiminde gerçekleştirilir.

16. Yabancı ve yerli öğrencilerin "Enstitü"ye kabulü, öğrenim hakkının kullanımı, okuldaki davranış ve kamu düzeni Kırgız Cumhuriyeti yasalarına uygun olmalıdır.

17. "Vakıf", "Üniversite", "Enstitü" ve bölümlerinin çalışanlarının, öğretim elemanlarının ve öğrencilerinin Türkiye Cumhuriyeti topraklarında bulundukları süre boyunca haklarını korur, aynı zamanda "Vakıf", "Enstitü" ve bölümlerinin yabancı çalışanların, öğretim elemanlarının ve öğrencilerin Kırgızistan topraklarında bulundukları süre boyunca haklarını "Üniversite" korur.

18. "Vakıf", "Üniversite" çalışanlarının ve öğretim üyelerinin deneyim ve bilgilerini artırmak, araştırma faaliyetleri yürütmek üzere Türkiye ve diğer ülkelere gönderilmesini destekler.

19. "Enstitü" ve bölümlerinin eğitim faaliyetlerinden elde edilen fonlar aşağıdaki gibi paylaşılır: 'Vakıf' %25 (yüzde yirmi beş oranında) Üniversite %75 (yüzde yetmiş beş) oranında.

"Üniversite", bu fonlar pahasına aşağıdakileri gerçekleştirecektir:

- Personel düzenlemelerine uygun olarak "Enstitü" ve bölümlerinin tüm çalışanlarının, öğretim elemanlarının ve temizlik görevlilerinin maaşlarını öder;

Üniversite vakıf tarafından gönderilen Öğretim Görevlilerine Baş öğretmen maaşı ve üzerine 10 (on) faiz ekleyerek ödeme sağlar.

Vakıf tarafından 5 (Beş) Öğr. Gör. Gönderilir, bu sınırlama Türkiye Cumhuriyeti kurumları tarafından gönderilen Hiçbir Öğretmeni kapsamamaktadır (TTÖMER).

- Kamu hizmeti maliyetleri, ofis malzemeleri, eğitim literatürü, teknik öğretim araçları, mobilya, iş gezileri vb. dâhil olmak üzere "Enstitü" faaliyetlerinin tüm masraflarını öder;

- "Vakıf", yabancı çalışanları (Türkiye vatandaşları vb.) ve ihtiyaç duyduğu öğretim elemanlarını "Enstitü"ye gönderdiğinde, "Üniversite" ücretlerini eğitim kurumunun personel düzenlemesine uygun olarak öder ve aynı zamanda Türkiye-Kırgızistan güzergahında uçuş biletlerini öder: Türkiye'den Kırgızistan'a akademik yılın başında, Kırgızistan'dan Türkiye'ye akademik yılın sonunda, Celal Abad'daki ev kiraların öder, tutulacak ev "Üniversite" tarafından seçilir ve hazırlanır.

20. Her akademik yıl sonunda, "Enstitü" ve bölümlerinin mali durumu iyi olduğunda,

akademik yıl sonunda mali ve ekonomik faaliyette başarılı bulunulması durumunda, "Üniversite" "Enstitü"nün faaliyetlerinden elde ettiği tüm karları "Vakfın" hesabına aktarır. Onun için her akademik yılın sonu şeffaf izleme yapılacak ve sonuçları "Vakıf" ve "Enstitü"ye sunulacaktır.

21. *"Vakıf", Türkiye'deki ve yurtdışındaki faaliyetleri sonucunda, ek yatırımları yaptığı durumlarda "Enstitü"nün 1993 yıllarındaki amaçlarına uygun olarak* "Enstitü" *faaliyetini için aşağıdakileri sağlayabilir ve aşağıdakileri yapma hakkına sahiptir;*

-Türkçe ve diğer yabancı dillerde eğitici, metodolojik, edebi, bilimsel ve metodolojik içerikli süreli yayınlar (gazete, dergi vb.);

- Teknik öğretim araçları, bilgisayar ve ofis ekipmanları, eğitim sürecinde kullanılan mobilyalar;

- Eğitim kurumunun topraklarındaki inşaat işleri; "Üniversite" dışında "Vakfın" hesabından "Enstitü" çalışanlarına, öğretim elemanlarına ek maaş ödemeleri, öğrencilere burslar ve diğer giderler (iş gezileri, bilimsel araştırma vb.) finanse etme;

22. Bu sözleşmenin süresi 5 (beş) yıldır ve her yıl her iki tarafın rızası ile bu sözleşmeye önemli ölçüde farklılık göstermeyen bazı eklemeler yapılabilir. Sürenin sona ermesinden sonra, bu sözleşme her iki tarafın katılımıyla taksitler halinde uzatılabilir veya feshedilebilir. Herhangi bir değişiklik, anlaşmazlık veya iddia olmaması durumunda, bu sözleşmenin süresi her yıl otomatik olarak bir yıl uzatılır.

23. Tarafların şartları yerine getirmemesi durumunda sözleşme feshedilecektir. Anlaşmazlıklar uluslararası hukuka uygun olarak çözülür.

24. Bu sözleşme iki dilde düzenlenmiştir: Kırgızca ve Türkçe. Her dil versiyonu, tarafların her biri için birer adet olmak üzere 2 nüsha olarak hazırlanmıştır.

25. Sözleşme 4 (dört) sayfadan oluşmaktadır.

26. Sözleşme, tarafların imzasıyla yürürlüğe girecektir. Sözleşmenin imzalanma tarihi, sözleşmenin ilk sayfasında, en üstte belirtilmektedir. Önceki sözleşmeler geçersizdir.

| | |
|---|---|
| Türk Dünyası Araştırmaları | ........................ Uluslararası Kantörö Şaripoviç |
| Vakfı Başkanı | Toktomamatov Üniversitesi |
| Közhan YAZGAN | Prof.Dr. Satıbaldı OMURZAKOV |

ULUSLARARASI KANTÖRÖ ŞARİPOVİÇ TOKTOMAMATOV ÜNİVERSİTESİ TÜRK DÜNYASI KIRGIZ-TÜRK PROF. DR. TURAN YAZGAN SOSYAL BİLİMLER ENSTİTÜSÜ